Автор: abaevna
15.02.2020 04:20 -

Советтер союзунун Ооганстандан оз аскерин чыгарганына быйыл 31 жыл болот. Ага карата ИИМдин Академиясында атайын стенд уюштурулду.




Бул согушка союздан 120 мин адам (12 дивизия) катышкан. Анын ичинен 15 минден ашык жоокер жана офицер курман болуп, миндеген жоокерлер жарадар болуп кайтышкан. Тарыхта бул муун «**Афган синдрому**» деген ат менен эскерилет.

Кыргызстандан Ooган согушуна 7400 жоокер барган. Алардын ичинен  300дон ашууну курман болуп, бир жарым миндейи жараат алышкан. Алты жvзго жакыны майып болуп кайткан. 2 кыргызстандык жоокерге «Советтер союзунун баатыры» наамы берилген.

1988-жылдын 15-майында бул согушка чекит коюлуп, Женева келишимине ылайык, Афганистандан советтик аскерлер чыгарыла баштаган. 1989-жылдын 15-февралында акыркы жоокерлер Аму дарыясынын копvрocv аркылуу Советтик Тажикстан менен Озбекстандын аймагына отvшкон.

Учурда ИИМдин Академиясында Ооган согушунун 1 ардагери кызмат отоп келет. Ал Ыкчам издоо ишмердvvлvк кафедрасынын начальниги милициянын полковниги **Абдырасаков Дыйканбай Советбекович**.